**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**М.М.АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

# *ОшТУнун сыйлыктары жана кызматкерлерди сыйлыктарга көрсөтүү жөнүндө жобо*

**ОШ-2025**

Кызматтык пайдаланууга

М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин “ОшТУнун сыйлыктары жана кызматкерлерди сыйлыктарга көрсөтүү жөнүндө жобосу” – Ош, 2025-ж., 15 б.

Түзүүчүлөр: Ташбаев А.М., Тиленбаева Б.Э., Шабданов М.Д.

Окумуштуулар кеңешинин 2025-жылдын 28-апрелиндеги № 7 жыйынынын протоколунун негизинде бекитилген.

мазмуну

1. Жалпы жоболор....................................................................................................4
2. Сыйлоо комиссиясынын укуктары жана милдеттери ........................................ 6
3. Алкыш жарыялоо ............................................................................................... 7
4. ОшТУнун Ардак грамотасы менен сыйлоо...................................................... 7
5. ОшТУнун “Эмгек сиңиргендиги үчүн” юбилейлик медалы менен сыйлоо ...... 8
6. ОшТУнун “Даанышман” медалы менен сыйлоо ............................................. 9
7. Ыраазычылык каттар ......................................................................................... 9
8. Баалуу белек же акчалай сыйлыктар............................................................... 10
9. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик, ведомстволук, облустук жана шаардык сыйлыктарына көрсөтүү....................................................................... 11
10. Комиссияга берүү үчүн зарыл болгон документтер ...................................... 12
11.Тиркеме .............................................................................................................. 14

**КАБЫЛ АЛЫНДЫ**

**ОшТУнун Окумуштуулар кеңешинин 2025-жылдын** 28 - апрелиндеги

**№** 7 **протоколу менен**

**БЕКИТЕМ**

**ОшТУнун ректору**

**Ж.Ж.Турсунбаев**

**2025-ж.** 30- апрели

**№** 244 - 05 **буйрук**

## ОшТУнун сыйлыктары жана кызматкерлерди сыйлыктарга көрсөтүү жөнүндө жобо

### 1. Жалпы жоболор

1.1. М.Адышев атындагы ОшТУнун сыйлыктары жана кызматкерлерди сыйлыктарга көрсөтүү жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо) ОшТУда иштеген окутуучуларды, илимий-педагогикалык, административдик-чарба жана көмөкчү кызматкерлерин, студенттерин сыйлыктарга жана наамдарга көрсөтүү, ошондой эле сыйлоо эрежелерин жана тартибин камтыйт.

1.2. ОшТУнун ректораты институттардын ошондой эле түзүмдүк бөлүмдөрдүн жана административдик-чарбалык бөлүмдөрдүн эмгек жамааттарынын жалпы чогулушунун сунуштамаларынын негизинде сыйлоо жүргүзөт. Сыйлыктар өзгөчө айырмаланган окутуучуларды жана кызматкерлерди, профессионалдык милдеттерин үлгүлүү аткарган, узак жана кынтыксыз эмгеги жана башка жетишкендиктери үчүн моралдык жана материалдык стимулдоо максатында ыйгарылат.

1.3. Окутуучуларды жана кызматкерлерди моралдык жана материалдык жактан стимулдоо жана сыйлоо системасынын негизги принциптери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1) Сыйлоо жүргүзүүнүн ырааттуулугу жана аларга сыйлыктардын шайкештиги

2) Сыйлануучулардын ушул Жобонун критерийлерине так, туура келиши

3) Сыйлоонун бир эле түрлөрүн кайталап колдонууга жол берилбестиги (баалуу белек же акчалай сыйлыктан башкасына);

4) Кийинки университеттик жана ведомстволук сыйлыкка/наамга көрсөтүү мурунку сыйлыктан кийин 3 жылдан кем эмес мөөнөттө каралышы.

5) Кезектеги мамлекеттик сыйлыкка/наамга көрсөтүү мурунку сыйлыктан 5 жылдан кийин мөөнөттөрдө демилгенелиши

6) Жетекчилердин тикелей кол алдындагы кызматкерлерди моралдык жана материалдык жактан стимулдоодогу ролун жана жоопкерчилигин жогорулатуу

1.4. ОшТУнун окутуучусу, кызматкери университеттин сыйлыгына өзүн-өзү иштеп жаткан структуралык болумдон көрсөтө алат.

1.5. ОшТУнун негизги сыйлыктары, ардак наамдары төмөнкү ырааттуулукта ыйгарылат:

1) Ректордун Алкышы;

2) ОшТУнун Ардак грамотасы;

3) ОшТУнун «Эмгек сиңиргендиги үчүн» юбилейлик медалы

4) ОшТУнун «Даанышман » медалы

ОшТУнун окутуучуларын, кызматкерлерин, студенттерин жана ата-энелерин сыйлоонун жана стимулдаштыруунун кошумча түрлөрү болуп *ыраазычылык каттар, баалуу белек же акчалай сыйлыктар* эсептелет.

1.6. Сыйлоолор боюнча сунуштар Сыйлык комиссиясы тарабынан төмөнкү күндөргө карата алдын ала, белгиленген мөөнөттөргө чейин, кабыл алынат:

1) Ата Мекенди коргоочулар күнү - 23-февраль;

2) Университет күнү - 24-февраль;

3) Аялдардын эл аралык күнү - 8-март;

4) Билим берүү кызматкерлеринин күнү - 5-октябрь

5) Илим күнү - 10-ноябрь;

6) Мамлекеттик сыйлыктар жана наамдар үчүн – 31-август.

7) Кесиптик майрамдар (курулуш, энергетиктер, машина куруучулар, жеңил өнөр жай, каржы-экономикалык, байланыш ж. б. кызматкерлеринин күнү) тиешелүү даталарга карата.

1.7. Сыйлыктарды кароо боюнча материалдар комиссия тарабынан 1)-5)-пунктта көрсөтүлгөн маанилүү даталарга карата жана кесиптик (ведомстволук) сыйлыктарга сунуштоо тиешелүү кесиптик датага карата 15 күндөн кечиктирилбестен кабыл алынат.

1.8. Билим берүү кызматкерлеринин сыйлыктары кароого Билим берүү министрлигине 30-июнга же 30- сентябрга чейин жеткирилиши керек.

1.9. Мамлекеттик сыйлыктар жана наамдар үчүн сыйлыктарды жана ардак наамдарды ыйгаруу боюнча сунуштар 20-марттан кечиктирилбестен сунушталат.

1.10. Мамлекеттик жана ведомстволук сыйлыктарга көрсөтүү жана ОшТУнун сыйлыктарын ыйгаруу саны боюнча чектелет. Сыйлыкка кароодо Институтта, колледжде, структуралык түзүмдө эмгектенген адамдардын саны, талапкерлердин ОшТУнун өнүгүүсүнө кошкон салымы, ОшТУдагы эмгек стажы, жамааттын ийгилиги ж.б. эске алынат.

1.11. Кызматкерлерди жана окутуучуларды сыйлыкка сунуштоо талапкер туруктуу штаттык бирдикте иштеген структурадан көрсөтүлөт.

1.12.ОшТУнун сыйлыктары жана кызматкерлерди сыйлыктарга көрсөтүү жөнүндө жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү ОшТУнун окумуштуулар кенешинин чечими менен жүргүзүлөт.

## 2. Сыйлоо комиссиясынын укуктары жана милдеттери

2.1. Ар кандай деңгээлдеги сыйлыктарга талапкерлерди коомдук баалоо жана объективдүү аныктоо үчүн ОшТУнун ректору Сыйлоо комиссиясын (мындан ары - Комиссия) 2 жылдык мөөнөткө дайындайт.

2.2. Комиссиянын сандык жана жеке курамы (төрагасы, анын орун басары, катчысы жана комиссиянын мүчөлөрү) түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилеринин сунуштарынын негизинде жана Окумуштуулар кеңеши макулдугу менен ОшТУнун ректорунун буйругу менен бекитилет.

2.3. Комиссия коомдук башталышта иштейт.

2.4. Комиссиянын иши кеңешмелер аркылуу жүзөгө ашырылат. Комиссиянын жыйналыштарын төрага, ал эми ал жок болгон учурда Комиссиянын төрагасынын орун басары уюштурат.

2.5. Сыйлыкка квоталардын бөлүнүшүн комиссиянын төрагасы жана орун басары структура жетекчилери менен алдын ала макулдашат.

2.6. Комиссия ушул Жобону жетекчиликке алуу менен сыйлыктарга жана наамдарга келип түшкөн сунуштарды кылдат, ар тараптуу жана объективдүү кароого милдеттүү.

2.8. Комиссия ачык добуш берүү менен чечимдерди кабыл алат. Добуштар тең болуп калган учурда Комиссиянын төрагасынын добушу чечүүчү күчкө ээ.

2.9. Комиссиянын иши протоколго алынат, Комиссиянын жыйналыштарынын протоколдору катчы тарабынан таризделет, ага өз кезегинде төрага (төраганын орун басары) жана катчы кол коюшу керек. Комиссиянын протоколу ОшТУнун Окумуштуулар кеңешине бекитүүгө жөнөтүлөт.

2.10. Окутуучулардын жана кызматкерлердин сыйлыктарынын жана наамдарынын бардык түрлөрүн эсепке алуу ОшТУнун кадрлар бөлүмүнө жүктөлөт. Сыйлоо жөнүндө буйрук чыккандан кийин ОшТУнун кадрлар бөлүмү маалыматтарды эмгек китепчесине киргизет. Күбөлүктөрдүн, Ардак грамоталардын жана сыйлык сертификаттардын көчүрмөлөрү мугалимдин/кызматкердин өздүк делосуна тиркелет.

2.11. Бланкаларды, күбөлүктөрдү, медалдарды жана төш белгилерди даярдоо жана сактоо үчүн жоопкерчилик кадрлар бөлүмүнүн башчысына жүктөлөт.

2.13. Мамлекеттик, ведомстволук, облустук, шаардык сыйлыктарга талапткерлерди кароо боюнча берилген Комиссиянын сунушун ОшТУнун ректору Окумуштуулар кеңешинин талкуусуна алып чыгып, анын негизинде жыйын жактырган талапкерлердин документтери даярдалып, тиешелүү структураларга электрондук документ айлантуу системасы “Infodocs” (ведомстволук, облустук, шаардык ж.б.сыйлыктар боюнча) жана АИС “Государственная награда” https://gosnagrada.srs.kg/ (мамлекеттик сыйлыктар боюнча) аркылуу көрсөтүлгөн мөөнөтүндө кадрлар бөлүмүнүн жооптуу кызматкери тарабынан жөнөтүлөт.

## 3. Алкыш жарыялоо

3.1. **Алкыш** – бул мугалимдерди жана кызматкерлерди стимулдаштыруунун бир түрү жана төмөнкүлөрдү эске алат:

1) Педагогикалык, илимий изилдөө жана окуу-методикалык иш жаатындагы жетишкендиктер жана ОшТУдагы 2 жылдан кем эмес иш стажы

2) Кызматтык милдеттерин аткарууда үлгүлүү аткаруучулук, чыгармачылык жана кесипкөйлүк.

3.2. Кызыктыруунун бул түрүнүн милдеттүү шарты болуп акыркы иштеген жылынын ичинде тартиптик жазалардын жоктугу

3.3. Окутуучуларга жана кызматкерлерге Алкыш белгилүү датаарга арналган массалык иш-чараларда, салтанаттуу кырдаалда жарыяланат жана ректордун буйругу менен бекитилип, эмгек китепчесине тиешелүү жазуу жазылат.

## 4. ОшТУнун Ардак грамотасы менен сыйлоо

4.1. **ОшТУнун Ардак грамотасы** окутуучуларды жана кызматкерлерди стимулдаштыруунун кезектеги деңгээли болуп саналат жана төмөнкүлөрдү эске алат:

1) Билим берүү процессине жаңы билим берүү технологияларын жана окуу сабактарын уюштуруунун жана өткөрүүнүн формаларын, болочок бакалавриаттардын жана магистранттардын билимине мониторинг жүргүзүүнүн ыкмаларын киргизүү, алардын өз алдынча ишин өнүктүрүүгө дем берүү жана окууга жекече мамилени камсыз кылуу;

2) Келечектеги бакалаврлар менен магистранттардын практикалык даярдыгынын жогорку деңгээлин, ошондой эле студенттердин илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштерин башкарууну;

3) Фундаменталдык, иликтөөчү жана прикладдык илимий изилдөөлөрдүн актуалдуу маселелери жана эксперименталдык-конструктордук иштерди, анын ичинде билим берүү маселелери боюнча изилдөөлөрдү ишке ашыруу боюнча татыктуу жыйынтыктарды;

4) Заманбап окуу-методикалык адабияттарды иштен чыгуу;

5) Окуу-технологиялык жабдуулардын прогрессивдүү түрлөрүн түзүү жана колдонуу;

6) Финансы-чарбалык ишти уюштуруудагы жетишкендиктер, ОшТУнун материалдык-техникалык жана өндүрүштүк-эксперименталдык базасын өнүктүрүү жана чыңдоо;

7) Өз ишинде кесипкөйлүгү жана кызматтык милдеттерин жоопкерчиликтүү аткаргандыгы

4.2. Сыйлоонун милдеттүү шарты болуп акыркы иштеген жылы ичинде тартиптик жазалардын жоктугу, ОшТУнун ректорунун Алкышы жарыялангандыгы жана ОшТУда эмгек стажы 5 жылдан кем эмес болушу саналат.

4.3. ОшТУнун Ардак грамотасы ректор тарабынан маанилүү даталарга арналган массалык иш-чараларда салтанаттуу түрдө тапшырылат. Сыйлоо ректордун буйругу менен коштолуп, эмгек китепчесине тиешелүү жазуу катталат.

## 5. ОшТУнун «Эмгек сиңиргендиги үчүн » юбилейлик медалы менен сыйлоо

Ош технологиялык университетинин **«Эмгек сиңиргендиги үчүн» юбилейлик медалы** университетте үзгүлтүксүз 25 жылдан кем эмес иштеген кызматкерлерине төмөндөгү негиздер боюнча ыйгарылат:

5.1. ОшТУда окуу процессин уюштуруу жана өркүндөтүү боюнча олуттуу ийгиликтер;

5.2. Студенттердин, аспиранттардын жана угуучулардын практикалык окуусунда, угуучулардын илимий-изилдөө жана долбоорлоо иштерин башкарууда ийгиликтер;

5.3. Фундаменталдык жана прикладдык илимдердин актуалдуу маселелери боюнча илимий изилдөөлөрдөгү өзгөчө эмгектери;

5.4. Региондук, улуттук, эл аралык билим берүү жана илимий-техникалык программаларда, долбоорлордо жана спортто олуттуу жетишкендиктер, ошондой эле престиждүү сыйлыктарды алуу, сынактарда, көргөзмөлөрдө жеңишке жетүү ж.б. эл аралык, республикалык, региондук деңгээлдерде, университеттин оң имиджин чыңдоо;

5.5. Финансы-чарбалык ишти уюштурууда, университеттин материалдык-техникалык жана эксперименталдык өндүрүш базасын өнүктүрүүдө жана чыңдоодо, ОшТУнун эл аралык байланыштарын чыңдоодо жана өнүктүрүүдө ийгиликтер;

5.6. «Эмгек сиңиргендиги үчүн» медалы илимди өнүктүрүү маселелерин чечүүгө, окуу процессин өркүндөтүүгө, эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүүгө, материалдык-техникалык базаны жана ОшТУну илимдин, билимдин жана маданияттын алдыңкы борбору катары имиджин чыңдоого кошкон жеке салымы үчүн ОшТУнун кызматкери болуп саналбаган адамдарга, анын ичинде чет мамлекеттердин жарандарына ыйгарылышы мүмкүн.

5.7. ОшТУнун бүтүрүүчүлөрү, студенттери окуудагы, илимий-изилдөө иштериндеги жана эл аралык, республикалык жана аймактык деңгээлдеги өзгөчө жетишкендиктери, университеттин оң имиджин бекемдеген жана Кыргыз Республикасында жана чет өлкөлөрдө таанылганы үчүн юбилейлик медаль менен сыйланышы мүмкүн.

5.8. Бул сыйлыктын милдеттүү шарты болуп ОшТУдан корсотулгон талапкердин ОшТУнун Ардак грамотасы менен сыйланышы жана акыркы иштеген жылы үчүн дисциплинардык жазасы жок болушу эсептелет.

5.9. ОшТУнун «Эмгек сиңиргендиги үчүн» юбилейлик медалы ОшТУнун юбилейлерине карата кайра берлиши мумкун.

5.10.ОшТУнун «Эмгек сиңиргендиги үчүн» медалын ыйгаруу жөнүндө чечим ОшТУнун Окумуштуулар кеңешинин ачык добуш берүүсү менен кабыл алынат жана ректордун буйругу менен бекитилип, эмгек китепчесине киргизилет. Юбилейлик даталарга арналган массалык иш-чараларда салтанаттуу түрдө ыйгарылат.

## 6. ОшТУнун «Даанышман » медалы менен сыйлоо

6.1. М. Адышев атындагы ОшТУнун «Даанышман» медалы окуу процессин өнүктүрүүдө сиңирген өзгөчө зор эмгеги жана жетишкендиктери, илимий изилдөө чөйрөсүндөгү жигердүү иши, жогорку квалификациялуу адистерди жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоого кошкон чоң салымы, университеттин материалдык-техникалык базасын өнүктүрүүгө кошкон олуттуу салымы жана жигердүү жардамы үчүн университеттин административдик-башкаруучулук жана профессордук-окутуучулук курамын сыйлоонун жана моралдык стимул берүүнүн бир түрү болуп саналат.

6.2 ОшТУнун «Даанышман» медалы менен илимди өнүктүрүү маселелерин чечүүгө, окуу процессин өркүндөтүүгө, эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүүгө, материалдык-техникалык базаны жана илимдин, билим берүүнүн жана маданияттын алдыңкы борбору катары ОшТУнун имиджин чындоого кошкон зор жеке салымы үчүн ОшТУнун кызматкерлери *болуп саналбаган башка адамдар, анын ичинде чет мамлекеттердин жарандары* да сыйланышы мүмкүн.

6.3 Сыйлыкка талапкерди көрсөтүү демилгеси түзүмдүк бөлүмдүн жамаатына таандык. Кызматкерлерди жана башка адамдарды сыйлыктарга көрсөтүү демилгесин көтөрүү укугу ректорго, проректорлорго, институттардын директорлоруна (факультеттердин декандарына) жана түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилерине таандык.

6.4. Сыйлоо *эки календардык жылдын ичинде бир жолудан ашык эмес* жүргүзүлөт, ОшТУнун ректорунун буйругу менен коштолуп, жыл жыйынтыгын чыгарууга жана маанилүү даталарды белгилөөгө карата белгиленет.

## 7. Ыраазычылык каттар

7.1. **ОшТУнун ыраазычылык каты** мугалимдерди жана кызматкерлерди стимулдаштыруунун кошумча формасы болуп саналып төмөнкү учурларда жүргүзүлөт:

1) Айрым долбоорлорду ишке ашыруудагы өзгөчө жетишкендиктер;

2) Илимий жана билим берүү процессинде атайын багытты иштеп чыгуу;

3) ОшТУнун администрациясынын тапшырмасы боюнча бир жолку масштабдуу иш-чараларды уюштуруу жана ийгиликтүү өткөрүү.

7.2. Ыраазычылык каттары ОшТУнун кызматкерлерине, ошондой эле ОшТУнун өнөктөш (кызыкдар) тараптарына берилиши мүмкүн. Мында ОшТУнун кызматкерлери үчүн үзгүлтүксүз иш стажынын узактыгы эсепке алынбайт.

7.3. Ыраазычылык каттар окуудагы, ОшТУ менен кызматташууга салым кошкон, окуу, маданий, спорттук жана ж.б. коомдук иштердеги ийгиликтер үчүн студенттерге, бүтүрүүчүлөргө, ата энелерге жана мектеп мугалимдерине жана жетекчилерине ыйгарылышы мүмкүн.

7.4. Белгиленген формадагы ыраазычылык кат мугалимдерге жана кызматкерлерге, студенттерге ж.б. иш-чаранын көрсөтүлгөн түрлөрүнүн жыйынтыгына арналган иш-чарада салтанаттуу түрдө тапшырылат.

## 8. Баалуу белек же акчалай сыйлыктар

8.1. **Баалуу белек же акчалай сыйлык** ОшТУнун окутуучулары жана кызматкерлери үчүн стимулдаштыруунун кошумча формасы болуп төмөнкү учурларда каралат:

1) Педагогикалык, илимий изилдөө жана окуу-методикалык иш жаатындагы өзгөчө жетишкендиктер;

2) Жеке кызматтык милдеттерин ак ниеттүү жана сапаттуу аткаруу;

3) Ар кандай коомдук иш-чараларга (сынактар, олимпиадалар, көргөзмөлөр, конкурстар, фестивалдар ж.б.) ийгиликтүү катышуу.

8.2. Белектин баасы жана акчалай сыйлыктын өлчөмү ОшТУнун финансылык абалына жана мүмкүнчүлүктөрүнө жараша болот.

8.3. Баалуу белек же акчалай сыйлык дайындоо:

1) Мугалимдердин жана кызматкерлердин юбилейлик: 60, 70, 75 жана 80 жылдык маарекелери боюнча *Кесиптик бирлик* менен чогуу чечилет.

2) ОшТУнун же өлкөнүн турмушундагы маанилүү датанын алдында жана кесиптик майрамдарга карата иш-чараларга карата жүргүзүлөт.

3) Кызматкерлердин 70 жылдык юбилейлерине карата, Жамаатык келишимдин 6.16. пунктына ылайык ОшТУнун ректору юбилярларды бир оклад менен сыйлайт (ОшТУдагы үзгүлтүксүз эмгек стажы 25 жылдан жогору болгон кызматкерлрге).

8.4. Бул сыйлоонун милдеттүү шарты болуп иштеген акыркы жыл ичинде тартиптик жазалардын жоктугу саналат.

8.5. Баалуу белек же акчалай сыйлык Ректор жана Кесиптик бирлик тарабынан маанилүү даталарга арналган массалык иш-чараларда тапшырылат.

8.6. Юбилейлик маарекелерге кызматкерлерди сыйлоо ОшТУнун илимий катчысынын кадрлар бөлүмүнүн башчысы менен макулдашылган билдирүүсүнүн негизинде каралат.

8.7. ОшТУнун юбилярларына *Дарек папка* жана акчалай сыйлык же баалуу белектер тапшырылат.

8.8. Баалуу белек же акчалай сыйлык жана Дарек папкасы үчүнчү жактарга жана уюмдарга алардын юбилейинип урматына берилиши мүмкүн.

## 9. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик, ведомстволук, облустук, шаардык сыйлыктарына көрсөтүү

9.1. **Мамлекеттик сыйлыктарга жана наамдарга көрсөтүүлөрдү** кароодо Комиссия Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 9-августундагы № 175 Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары жана ардак наамдары жөнүндө Мыйзамын жетекчиликке алат (Тиркеме, Жоболор [1,2]).

Кыргыз Республикасынын *мамлекеттик сыйлыктары жана ардак наамдары* мамлекетти жана демократиялык коомду, элдин биримдигип коргоого жана чыңдоого, өлкөнүн экономикалык, интеллектуалдык жана рухапий потенциалын жогорулатууга кошкон салымып, ошондой эле социалдык, гуманитардык, кайрымдуулук ишмердигинде, илим жана техника, адабият, билим берүү, маданият, искусство, медицина, архитектура, спорт жана башка тармактарда мамлекетке жана элге кызмат көрсөтүүнү *сыйлоонун жана баалоонун эң жогорку формасы* болуп саналат [1].

9.2. Мамлекеттик сыйлыктарга жана наамдарга сунуштоо материалдары календардык жылдын 20-мартына чейин кабыл алынып, жылына *бир эле жолу март айындагы Окумуштуулар кенешинде талкууланат* жана татыктуу талапкерлер гана Мамлекеттик сыйлыктарга сунушталат.

9.3. Кыргыз Республикасынын *илим жана техника жаатындагы* Мамлекеттик сыйлыгы (иремиясы) илимпоздордун коомго жана мамлекетке сиңирген эмгегип баалоонун эң жогорку формаларынын бири болуп саналат. Бул сыйлык Илим жана техника жаатындагы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сыйлыгы жөнүндө жобого ылайык сунушталат [3].

9.4.**Кыргыз Республикасынын ведомстволук, облустук, шаардык** сыйлыктарына көрсөтүү КРдин Жогорку кеңешинин Ардак грамотасы, КРдин Өкмөтүнүн Ардак грамотасы жөнүндө, КРдин Билим берүү жана илим министрлигинин ведомстволук сыйлыктары жөнүндө, тиешелуу Министрликтерде, Агенттиктерде, Комиссияларда, Комитеттерде иштелип чыккан сыйлыктары жопуудо, КРдин Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн сыйлыктары жөнүндө, Ош шаардык кеңешипин Ардак грамотасы, Ош шаарынып мэриясыпын Ардак грамотасы жөнүндө ж.б. жоболорго ылайык жүргүзүлөт (Тиркеме Жоболор [4-11]).

9.5. КРдин Жогорку кеңешинин Ардак грамотасы, КРдин Өкмөтүнүн Ардак грамотасы, КРдин Билим берүү жана илим министрлигинин төш белгилери жана Ардак грамотасы, КРдин Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, Ош шаардык мэриясынын, депутаттардын Ош шаардык кеңешинин Ардак грамотасы ж.б. ведомстволук сыйлыктарга талапкерлерди көрсөтүү

ОшТУнун комиссиясынын сунушу менен кезектеги Окумуштуулар кеңешинин отурумунда каралып, жактырылган талапкерлер гана сыйлыктарга сунушталат.

9.6. ОшТУнун сыйлыктар боюнча комиссиясында каралбаган жана Окумуштуулар кенешинде талкууга коюлбаган сыйлыктарды өз алдынча алууга жол берилбейт.

## 10. Комиссияга берүү үчүн зарыл болгон документтер

10.1. Комиссиянын кароосуна документтердин берилүү тартиби:

Биринчи этапта сыйлыкка түзүмдүк бөлүм жетекчисинин сыйлапуучуну сыйлыкка көрсөтүү боюнча сунуштамасы жана түзүмдүк бөлүмдүн жыйналышынын протоколунан көчүрмөсү берилет. Түзүмдүк бөлүмдүн жетекчисинин сунуштамасында талапкердин сыйлыктын жана наамдардын критерийлерине шайкештигин деталдуу көрсөтүү менен тиешелүү сыйлыктарга жана наамдарга негиздеме камтылышы керек.

1) Кафедралардын окутуучуларынын жана кызматкерлеринин ичинен талапкерлер үчүн - кафедранын жана бирикмелердин, структуралык бөлүмдөрдүн, институттардын Окумуштуулар кеңештеринин, колледждин педагогикалык кеңештеринин жыйналыштарынын протоколдорунан көчүрмөлөр;

2) Кафедралардын жана предметтик биримдиктердин, структуралык түзүмдөрдүн башчылары ичинен талапкерлер үчүн - институттардын Окумуштуулар кеңештеринин, колледждин педагогикалык кеңештеринин жыйналыштарынын протоколдорунан көчүрмөлөр;

3) ОшТУнун проректорлорунун, институттардын, колледждердин директорлорунун ичинен талапкерлер үчүн - ОшТУнун административдик кеңешинин жыйналышынын протоколунан көчүрмөлөр;

4) Административдик-чарбалык кызматтын жана башка башкармалардын жана бөлүмдөрдүн жетекчилеринин жана кызматчыларынын ичинен кандидаттар үчүн — эмгек коллективдеринин жалпы чогулуштарынын протоколдорунан көчүрмөлөр.

Экинчи этапта б.а. Комиссия сыйлыкка көрсөтүү боюнча оң чечим кабыл алгандан кийин сыйлыктарга жана наамдарга талапкерлер документтердин толук пакетин беришет.

10.2. **Ведомстволук сыйлыктарга** талапкерлерди кароо үчүн Комиссияга төмөнкү документтер көрсөтүлөт:

1) Тиешелүү ведомоствого жолдомо кат;

2) Сунуштама жана белгиленген үлгүдө толтурулган сыйлык баракчасы;

3) ОшТУнун Окумуштуулар кеңешинин жыйынын протоколунан көчүрмө;

4. Эмгек китепчесинин кадрлар бөлүмү тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү

5) Паспорттун көчүрмөсү

6) Мурунку сыйлыктарды алгандыгын тастыктаган документтердин ОшТУнун кадрлар бөлүмү тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү,

7) ОшТУнун окумуштуу катчысы тарабынан күбөлөндүрүлгөн окуу, усулдук жана илимий иштердин акыркы 5 жылдагы көчүрмөлөрү жана тастыкталган тизмеси

10.3. КРдин Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, Ош шаардык мэриясынын, депутаттардын Ош шаардык кеңешинин Ардак грамотасы менен сыйлоого талапкерлер 10.2. пунктунда көрсөтүлгөн 1)-5) документтердин негизинде жургузулот.

10.4. **Мамлекеттик сыйлыктарга жана ардак наамдарга** талапкерлерди кароо үчүн Комиссияга берилүүчү документтер:

1) Сунуштама жана белгиленген формадагы толтурулган сыйлык формасы;

2) ОшТУнун Окумуштуулар кеңешинин жыйналышынын протоколунан көчүрмө;

3) Нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн мурунку сыйлыктарды ырастоочу документтердин көчүрмөлөрү,

4) Нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн эмгек китепчесинин көчүрмөсү;

5) ОшТУнун окумуштуу катчысы тарабынан күбөлөндүрүлгөн окуу, усулдук жана илимий иштердин тизмеси (акыркы 5 жылдагы иштердин көчүрмөлөрүн тастыктоо үчүн);

6) Паспорттун көчүрмөсү;

7) Эки 3х4 өлчөмдөгү сүрөт;

8)Соттолбогондугу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинен маалымкат;

9) ОшТУнун кадрлар бөлүмүнөн дисциилинардык жазалар жок экендиги жөнүндө маалымкаты;

10.5. Мамлекеттик жана ведомстволук сыйлыктар жана наамдар үчүн жолдомо кат ОшТУнун бланкында толтурулуп, анда талапкердин өзгөчө сиңирген эмгеги чагылдырылат: жетишкендиктери жана ийгиликтери, педагогикалык, илимий изилдөөлөрдөгү, окуу-методикалык, уюштуруучулук, тарбиялык, маданий, спорттук жана башка иш чөйрөлөрүндө көрсөтүлгөн, сиңирген эмгегинин маңызын жана көлөмүн ачын көрсөтүү керек. Мамлекеттик сыйлыктар жана наамдар, ведомстволук сыйлыктар үчүн ОшТУнун Окумуштуулар кеңешинин чечиминин протоколунун номери жана датасы көрсөтүлүүгө тийиш.

10.6. Сыйлыкка талапкерлерди кароодо төмөнкүлөр эске алынат:

1) ОшТУнун этика, арыздар жана даттануулар боюнча комиссиясынан алынган маалыматтар;

2) ОшТУнун кадрлар бөлүмүнөн алынган айыптык чаралар жөнүндө маалымат;

10.7. Кафедранын, институттардын Окумуштуулар кеңештеринин, колледждин педагогикалык кеңештеринин, жыйналыштарында, ошондой эле түзүмдүк бөлүмдөрдүн жалпы чогулуштарында катышуучулардын кворуму –

мүчөлөрдүн 2/3 кем эмеси катышууга тийиш жана бул протоколдордон көчүрмөдө көрсөтүлөт. Катышуучулардын жарымынан көбү сунушту колдоп добуш берсе чечим кабыл алынды деп эсептелет.

**Тиркеме**

**ЖОБОЛОР**

1.Закон Кыргызской Республики О государственных наградах, почетных званиях и государственных премиях Кыргызской Республики от 9 августа 2023 года № 175

2.Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктарына жана ардак наамдарына сунуштоонун, сыйлоонун, тапшыруунун, дубликаттарын берүүнүн, сыйлоо жана ыйгаруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын жокко чыгаруунун тартиби жөнүндө Жобо. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 3-апрелдеги ПЖ № 88 Жарлыгы.

3. Положение о Государственной премии Кыргызской Республики в области науки и техники. Приложение к Указу Президента Кыргызской Республики от 30 апреля 2024 года № 110.

4. Закон Кыргызской Республики О Почетной грамоте Жогорку Кенеша Кыргызской Республики от 20 февраля 2023 года № 35. В редакции Закона КР от 29 июля 2024 года № 155

5. Положение о Почетной грамоте Кабинета Министров Кыргызской Республики (В редакции постановления Кабинета Министров Кыргызской Республики от 3 марта 2023 года № 114). Приложение 1 к Постановлению Кабинета Министров Кыргызской Республики от 5 августа 2021 года № 113

6. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча Улуттук комиссиянын сыйлыктары жөнүндө Жобо. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын 2022-жылдын__буйругу

7. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ведомстволук сыйлыктары жөнүндө Жобо. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жыл, 23-май № 948/1 буйругу

8. Положение о наградах Центрального комитета профсоюза работников образования и науки Кыргызской Республики. Утверждено Постановлением Президиума ЦК профсоюза работников образования и науки КР от 28.09.2007 г. № 9/4

9.Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн сыйлыктары жөнүндө Жобо. Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым өкүлүнүн 2023-жылдын "__"___ буйругуна №1-тиркеме

10.Ош шаарынын мэриясынын Ардак грамотасы жөнүндө Жобо. Ош шаарынын мэриясынын 2024-жылдын "__"___№___ буйругунун 2-тиркемеси

11. Депутаттардын Ош шаардык Кеңешинин Ардак грамотасы менен сыйлоо жөнүндө Жобо. Депутаттардып Ош шаардык Кеңешинин 2012-жылдын 18-декабрындагы кезектеги V сессиясынын №52-токтомуна №1-тиркеме

12. М.М.Адышев атындагы ОшТУнун 60 жылдык маарекесине карата "Эмгек синиргендиги үчүн" юбилейлик медалы тууралуу жобо. 2023-ж. 26-майдагы ОшТУнун Окумуштуулар кенеши, № 7 – протокол.

13. Положение о медали ОшТУ им. М.М. Адышева "Даанышман". Утверждено Решением Ученого Совета ОшТУ им.М.М.Адышева, протокол № 2.2122 от «03» ноября 2021 г.